**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

ОШ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН КЕЗЕКСИЗ VII СЕССИЯСЫ
(V ЧАКЫРЫЛЫШ)

# Т О К Т О М

2022-жылдын 10-февралы №29 Ош шаары

«17» 02 2022
№ 1-029
«17» 02 2022
1-029

## Ош шаарынын 2022-жылга бюджетин жана 2023-2024-жылдарга болжолун, 2022-2024-жылдарга Ош шаарынын социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрүнүн болжолун бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, Ош шаардык Кеңешинин 2022-жылга карата кабыл алынган иш планына ылайык, Ош шаарынын 2022-жылга бюджетин жана 2023-2024-жылдарга болжолун, 2022-2024-жылдарга Ош шаарынын социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрүнүн болжолун бекитүү жөнүндө маселени карап жана талкуулап, Ош шаардык Кеңешинин бюджет, экономика жана өнөр-жай маселелери боюнча туруктуу депуттатык комиссиясынын 2022-жылдын 4-февралындагы №1 чечимин, ошондой эле сессияда чыгып сүйлөгөн депутаттардын ой пикирлерин эске алуу менен Ош шаардык Кенешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Ош шаарынын 2022-2024-жылдарга социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрүнүн болжолу 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Ош шаарынын 2022-жылга карата жергиликтүү бюджетинин кирешелери жана чыгашалары 1 600 510,0 миң сом, 2023-жылга болжолу 1 630 200,0 миң сом жана 2024-жылга болжолу 1 661 683,0 миң сом суммасында 2, 2-1, 3, 4 жана 5- тиркемелерге ылайык бекитилсин.

3.Жалпы мамлекеттик салыктардан чегерүүлөрдүн ченемдери «Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык белгиленсин.

4. 2022-жылга башкаруу органдарын каржылоого кетүүчү чыгымдар 6- тиркемеге ылайык бекитилсин.

5. Шаардагы тейлөө тармагындагы муниципалдык мекеме, ишканаларга жергиликтүү бюджеттин эсебинен берилүүчү субсидиялар 7-тиркемеге ылайык бекитилсин.

6. Ош шаарынын коомдук муниципалдык жүргүнчүлүк автоунааларында жеңилдиктерден пайдаланып жүрүүгө укуктуу жарандардын жол кире акысы үчүн төлөнүүчү компенсацияга субсидия 30 000,0 миң сом өлчөмүндө белгиленсин.

7. Европалык реконструкциялоо жана өнүгүү банкы аркылуу алынган кредиттерди жоюуга, ошондой эле Ош шаары мүчө болуп кирген Эл аралык уюмдарга жана ассоциаларга мүчөлүк акы төлөөгө 123 534,0 миң сом акча каражаты каралсын.

8. Ош шаарынын жергиликтүү бюджетинин эсебинен шаардагы мектептердин 1-4-класстарда окуган окуучулардын тамактануусун уюштуруу (ченеми бир окуучуга 10 сом эсебинде) жана өз убагында камсыз кылуу жагы Ош шаардык билим берүү башкармалыгына (С.Юсупова) милдеттендирилсин.

9. В.Терешкова атындагы мектеп интернатында жатып окуган окуучулардын тамак ашына жергиликтүү бюджеттин эсебинен бир окуучуга 50 сомдон кошумча берилип, бир окучууга норма бир күнгө 110 сом өлчөмүндө бекитилсин.

10.Шаардагы мектептердин мугалимдеринин жана балдар бакчаларындагы тарбиячылардын коммуналдык төлөмдөрүнө женилдиктер үчүн айына бир кызматкерге 300 сом өлчөмүндө жергиликтүү бюджеттин эсебинен бекитилсин.

11. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-февралындагы №157 "Социалдык кызматкерлер жөнүндө" Жобону бекитүү жөнүндөгү токтому менен бекитилген Жобонун 13 пунктуна ылайык Ош шаардык эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыгынын социалдык кызматкерлеринин коммуналдык төлөмдөрүнө жана жол киресине жеңилдиктерге бир кызматкерге айына 3 000 сомдон бекитилсин.

12. Ош шаардык Кеңешинин, Ош шаарынын мэриясынын жана Ош шаарынын мэриясынын коомчулук менен байланыш кызматынын муниципалдык кызматкерлеринин кызматтык маянасына ай сайын 2022-жылдын 1-январынан 100 пайыздан үстөк акы белгиленсин.

13. Муниципалдык аймактык, Жапалак айылдык аймактык, тышкы байланыштар жана аналитика, муниципалдык менчик, маданият башкармалыктардын, Ош шаарынын жаштар иштери боюнча, дене тарбия жана спорт комитеттеринин муниципалдык кызматкерлеринин, ошондой эле Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык ишканаларынын (Ош шаарынын мэриясынын «Оштогу көрктөндүрүү жана жашылдандыруу чарба комбинаты», «Ошсвет», "Ош шаардык жолдор" жана «Ош-Тазалык» атайын адистештирилген муниципалдык ишканалары, Ош шаардык жарандарды тейлөө бюросу) административдик-техникалык кызматкерлеринин кызматтык маянасына ай сайын 2022-жылдын 1-январынан 50 пайыздан үстөк акы белгиленсин.

14. Ош шаардык Кеңешинин башкы эсепчисине 13180 сом, Ош шаарынын мэриясынын башкы эсепчисине 16 000 сом, чарба башчыларына, эсепчилерине, инженер-программисттерге 8000 сомдон, жетекчинин катчыларына 5000 сомдон, тазалоочуларга 4000 сомдон жана башка кенже тейлөөчү кызматкерлерге 2000 сомдон кызматтык маянасына ай сайын 2022-жылдын 1-январынан үстөк акы белгиленсин.

15. Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык аймактык, Жапалак айылдык аймактык, Ош шаарынын мэриясынын тышкы байланыштар жана аналитика, Ош шаардык муниципалдык менчик, шаардык маданият башкармалыктардын, Ош шаарынын жаштар иштери боюнча, дене-тарбия жана спорт комитеттеринин, Ош шаарынын мэриясынын коомчулук менен байланыш кызматынын башкы эсепчилерине 5000 сомдон, эсепчилерине, чарба башчыларына 4000 сомдон, жетекчинин катчыларына 2000 сомдон, айдоочуларга 3000 сомдон, тазалоочуларга, кароолчуларга 1500 сомдон кызматтык маянасына ай сайын 2022-жылдын 1-январынан үстөк акы белгиленсин.

16. Ош шаарынын мэриясынын Автогаражынын кызматкерлеринин кызматтык маянасына 2022-жылдын 1-январынан ай сайын 3000 сомдон үстөк акы белгиленсин.

17. Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык ишканаларынын (Ош шаарынын мэриясынын «Оштогу көрктөндүрүү жана жашылдандыруу чарба комбинаты», «Ошсвет», "Ош шаардык жолдор", "Ош-Тазалык» атайын адистештирилген муниципалдык ишканалары, Ош шаарынын мэриясынын жарандарды тейлөө бюросу, Ош шаардык муниципалдык менчик башкармалыгынын титулдук баракчасынын эсебинен каржыланган) кенже тейлөөчү кызматкерлеринин кызматтык маяналарына 2022-жылдын 1-январынан ай сайын үстөк акы 8- тиркеме ылайык бекитилсин.

18. Ош шаарынын жарандарын социалдык жактан коргоо боюнча иш-чараларына акча каражаты 9- тиркемеге ылайык бекитилсин.

19. 2022-2024-жылдарга Ош шаары боюнча бюджеттик программалардын жана чаралардын түзүмү 10-тиркеме ылайык бекитилсин.

20. Ош шаарынын жергиликтүү бюджетинин чыгаша бөлүгү 2022-жылга түшкөн кирешелердин чегинде биринчи кезекте корголгон беренелерге (эмгек акы, социалдык фондго чегерүү, дары-дармек, тамак-аш жана социалдык жеңилдиктер) каржылануусу белгиленсин. Каражаттардын чыгымдалышы жана чыгаша статьяларынын максаттуу пайдаланышы үчүн жеке жоопкерчилик бюджеттик мекемелердин жана муниципалдык ишканалардын жетекчилерине жүктөлсүн.

21.Бюджеттик мекемелерге жана муниципалдык ишканаларга атайын каражаттарын казына системасынан сырткары колдонууга тыюу салынсын.

22. 2022-жылдын 1-январына карата Ош шаарынын жергиликтүү бюджети боюнча жүгүртүлүүчү кассалык накталай акча 19 203,8 миң сом өлчөмүндө белгиленсин.

23. Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгы аркылуу муниципалдык жерлерден, имараттардан жергиликтүү бюджетке салык эмес кирешелердин түшүүсүн, жерлердин инвентаризациясын жана мыйзамсыз берилип кеткен муниципалдык жерлерди тактоо үчүн Ош шаардык Кеңешинин фракция мүчөлөрүнөн турган депутаттык комиссия түзүлсүн.

24. Ош шаарынын мэриясына (А.Мамбетов):

-Ош шаарында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын эффективдүүлүгүн жакшыртуу жана ишмердүүлүгүн оптимизациялоо максатында Ак-Буура дарыясынын эки тарабындагы аймактарда 2 администрациялык райондорду түзүү маселесин карап чыгуусу;

-Ош шаарындагы милдеттери кайталанган муниципалдык мекеме-ишканалардын, Ош шаарынын жаштар иштери боюнча комитеттин, шаардык маданият башкармалыгынын, дене тарбия жана спорт комитетинин, А.Суюмбаев атындагы стадиондун жана Алай футболдук клубунун, Ош шаардык спорттук медицина жана калыбына келтирүү борборунун, Ош шаарынын мэриясынын алдындагы көп тармактуу Үй-бүлөгө жана балдарга жардам берүү борборунун, Ош шаардык китепканасынын жана филиалдарынын, ошондой эле Ош шаарынын муниципалдык турак-жай коммуналдык башкармасынын функционалдык милдеттерин тактап, алардын ишмердүүлүгүн оптимизациялоо маселесин карап чыгуу жагы;

-Ош шаарынын бир вице-мэрдин штаттык бирдигин жоюу маселесин карап чыгуусу;

-Ош шаарында муниципалдык ижарага берилген кичи базарлардын жер тилкелерин "Ош шаарынын мэриясынын борбордук базарлар дирекциясы" муниципалдык ишканасынын балансына алуу маселесин карап чыгуусу;

-Ош шаардык капиталдык курулуш башкармалыгы аркылуу шаардагы мектептерге саркынды суу агуучу системаларды куруу;

-Ош шаардык капиталдык курулуш, Ош шаарынынын муниципалдык менчик башкармалыктарынын жана Ош шаардык жолдор муниципалдык ишканасынын 2022-жылдагы титулдук баракчаларында каралган акча каражаттарынын максаттуу, өз убагында, так жана толугу менен каржылоону камсыздоосу тапшырылсын.

25. Мамлекеттик салык кызматынын Ош шаары боюнча башкармалыгы (Р.Аданов), Мамлекеттик салык кызматынын Ош шаары жана Ош облусу боюнча ири салык төлөөчүлөрдү көзөмөлдөө башкармалыгы (О.Торобаев) жана Ош шаардык муниципалдык менчик башкармалыгы (А.Семетеев) 2022-жылдын бюджетинде бекитилген киреше бөлүгүн (ар бир түрү боюнча) толугу менен өз убагында аткаруу милдеттендирилсин.

26. Токтом мыйзамда каралган тартипте катталсын (Р.Кулов) жана жана жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыялансын (Ч.Абдиев).

27. Аталган токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Ош шаардык Кеңешинин бюджет, экономика жана өнөр-жай маселелери боюнча туруктуу депутаттык комиссиясына (Д.Абдуллаев) жүктөлсүн.

**Ош шаардык Кеңешинин төрагасы** **С.Назылбеков**

Ош шаардык Кеңешинин
2022-жылдын 10-февралындагы
кезексиз VII сессиясынын
№29 токтомунун
1-тиркемеси

**Ош шаарынын негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрүнүн 2022-2024-жылдарга болжолу**

| № | Көрсөткүчтөрдүн аталышы | Өлчөм бирдиги | 2019-жыл факт | 2020-жыл факт | 2021-жыл факт | 2022-жылга болжол | 2023-жылга болжол | 2024-жылга болжол |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | **Региондук дүң продукт** | **млн.сом** | **34 249,1** | **33 881,1** | **34 046,0*** | **36 335,5** | **38 771,8** | **42 664,0** |
| | *мурунку жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу* | % | 102.2 | 100,2 | 105,1* | 104,7 | 102,8 | 103,2 |
| 2 | **Айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык уулоочулуктун дүң продукциясы** | **млн.сом** | **1 048,0** | **1 132,0** | **1 448,7** | **1 461,6** | **1 469,5** | **1 476,2** |
| | *мурунку жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу* | % | 102.8 | 99.2 | 101,8 | 101,4 | 100,3 | 100,2 |
| 3 | **Өнөр жай продукциясынын көлөмү** | **млн.сом** | **4 703,1** | **4 493,4** | **5 653,8** | **6 089,1** | **6 555,0** | **7 004,6** |
| | *физикалык көлөмүнүн индекси* | % | 109.9 | 78.3 | 107,1 | 107,7 | 107,7 | 106.9 |
| 4 | **Көрсөтүлгөн рыноктук кызматтардын көлөмү** | **млн.сом** | **64 919,5** | **55 950,6** | **72 281,1** | **76 269,7** | **82 229,1** | **88 198,2** |
| | *мурунку жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу* | % | 101.6 | 82.6 | 110.6 | 107,1 | 106.8 | 107,2 |
| 5 | **Дүң жана чекене соода; автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоо** | **млн.сом** | **53 852,3** | **46 095,6** | **58 826,1** | **62 327,4** | **68 686,4** | **74 814,8** |
| | *мурунку жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу* | % | 100,1 | 81,5 | 110,8 | 107,2 | 106,8 | 107,3 |
| 6 | **Курулуштун дүң продукциясы** | **млн.сом** | **8 635,8** | **8 526,3** | **8 535,5** | **9 219,2** | **9 649,0** | **10 168,8** |
| | *мурунку жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу* | % | 117,7 | 98.0 | 104,4 | 103,6 | 104,2 | 103,8 |
| 7 | **Негизги капиталга инвестициялар** | **млн.сом** | **5 683,6** | **5 542,7** | **5 939,8** | **6 561,3** | **6 952,1** | **7 424,6** |
| 8 | **Экономикада иштеген адамдардын саны** | **миң адам** | **107,1** | **108,8** | **109,2** | **110,2** | **112,8** | **115,4** |
| 9 | **Түзүлгөн жумуш орундары** | | **1 912** | **1 608** | **1 742** | **1 800** | **2 000** | **2 300** |
| 10 | **Жалпы жумушсуздуктун деңгээли** | % | **2,5** | **2,8** | **3,0** | **3,1** | **3,2** | **3,4** |
| 11 | **Орточо бир айлык эмгек акы** | **сом** | **14 822** | **15 708** | **17 794** | **19 729** | **21 238** | **22 738** |
| | *мурунку жылга карата реалдуу өсүш темпи* | % | 106.0 | 102.1 | 104.0 | 103.8 | 103.7 | 103.1 |
| 12 | **Жашоо минимуму** | **сом** | **4 917,0** | **5 326,0** | **6 346,0** | **6 732,0** | **6 890,0** | **7 125,0** |
| | *мурунку жылга карата реалдуу өсүш темпи* | % | 97.3 | 108.3 | 119.2 | 106,1 | 102.3 | 103,4 |

* - күтүлүүдө

**Ош шаардык Кеңешинин аппарат жетекчиси** **И.Абдыраимов**

**Ош шаардык Кеңешинин**
**2022-жылдын 10-февралындагы**
**кезексиз VII сессиясынын**
**№29 токтомунун 2-тиркемеси**

**2022-жылга Ош шаарынын жергиликтүү бюджетинин**
**кирешелер бөлүгү**

(миң сом)

| № | Кирешелер | Суммасы |
|---|---|---|
| | **Салык кирешелери** | **1 365 600,0** |
| 1 | Киреше салыгы | 959 000,0 |
| 2 | Милдеттүү патенттөө негизиндеги салык | 1 000,0 |
| 3 | Ыктыярдуу патенттин негизиндеги салык | 187 000,0 |
| 4 | Кичи ишкерлерлерден алынуучу бирдиктүү салык | 9 500,0 |
| 5 | Кыймылсыз мүлккө салык | 110 500,0 |
| 6 | Транспорт каражаттарынын ээлеринен алынуучу салык | 35 000,0 |
| 7 | Тамарка жана дачалык жер участкаларын пайдалангандыгы үчүн жер салыгы | 19 500,0 |
| 8 | Айыл чарбасына жарактуу жерлерди пайдалангандыгы үчүн жер салыгы | 1 100,0 |
| 9 | Айыл чарбасына жараксыз жерлерди пайдалангандыгы үчүн жер салыгы | 42 000,0 |
| 10 | Жер казынасын пайдалангандыгы үчүн салык | 1 000,0 |
| | **Салыктык эмес кирешелер** | **154 910,0** |
| 11 | Мамлекеттик имараттарды ижарага берүүдөн акы төлөө | 62 500,0 |
| 12 | Жерлерден ижарасы үчүн акы төлөө | 87 500,0 |
| 13 | Жерди бөлүштүрүү Фондусунун жеринин ижара акысы | 2 100,0 |
| 14 | Таштандыларды ташып чыгууга жыйымдар | 1 200,0 |
| 15 | Автотранспорт токтоочу жайлардан алынуучу жыйым | 1 500,0 |
| 16 | Жергиликтүү инфраструктураны өнүктүрүүгө чегерүүлөр | 110,0 |
| | **Жалпысы (атайын каражаттарды кошногондо)** | **1 520 510,0** |
| 17 | Атайын каражаттар | 80 000,0 |
| | **ЖАЛПЫ КИРЕШЕЛЕРДИН ЖЫЙЫНТЫГЫ:** | **1 600 510,0** |

**Ош шаардык Кеңешинин**
**аппарат жетекчиси** **И.Абдыраимов**

Ош шаардык Кеңешинин
2022-жылдын 10-февралындагы
кезексиз VII сессиясынын
№29 токтомунун 2-1 тиркемеси

**2022-жылга Ош шаарынын жергиликтүү бюджетине ижара акысынан түшүүчү кирешелер**

(миң сом)

| № | Кирешелер | Суммасы |
|---|---|---|
| 1 | Ош шаарынын муниципалдык менчик башкармалыгы | 131 500,0 |
| 2 | "Жапалак" унаа базары (мамлекеттик имараттарды ижарага берүүдөн акы төлөө) | 15 000,0 |
| 3 | Борбордук базар (жерлердин ижарасы үчүн акы төлөө) | 5 000,0 |
| | **ЖАЛПЫ:** | **151 500,0** |

Ош шаардык Кеңешинин
аппарат жетекчиси

И.Абдыраимов

Ош шаардык Кеңешинин
2022-жылдын 10-февралындагы
кезексиз VII сессиясынын
№29 токтомунун 3-тиркемеси

## 2022-жылга Ош шаарынын жергиликтүү бюджетинин чыгашалар бөлүгү

(миң сом)

| № | Чыгашалар | Суммасы |
|---|---|---|
| 1 | **Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтарга, анын ичинен:** | **278 070,9** |
| | *мэриянын резервдик фонду* | 14 000,0 |
| | *кредиттерди жоюга* | 123 534,0 |
| | *атайын каражаттар* | *50,0* |
| 2 | **Коргоо тармагына** | **6 421,3** |
| 3 | **Экономикалык маселелерге** | **239 605,3** |
| | *анын ичинен атайын каражаттар* | *606,0* |
| 4 | **Турак-жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө** | **559 737,9** |
| | *анын ичинен атайын каражаттар* | *3 110,0* |
| 5 | **Эс алуу, спорт жана маданият тармагына** | **92 249,3** |
| | *анын ичинен атайын каражаттар* | 500,0 |
| 6 | **Билим берүүгө** | **403 500,7** |
| | *анын ичинен атайын каражаттар* | 75 486,0 |
| 7 | **Социалдык коргоого** | **20 924,6** |
| | *анын ичинен атайын каражаттар* | *248,0* |
| | | |
| | **Жыйынтыгы** | **1 600 510,0** |
| | ***анын ичинен атайын каражаттар*** | ***80 000,0*** |

Ош шаардык Кеңешинин
аппарат жетекчиси И. Абдыраимов

Ош шаардык Кеңешинин
2022-жылдын 10-февралындагы
кезексиз VII сессиясынын
№29 токтомунун 4-тиркемеси

## 2023-жылга Ош шаарынын жергиликтүү бюджетинин кирешелеринин жана чыгашаларынын болжолу

(миң сом)

| № | Кирешелер | Суммасы |
|---|---|---|
| | **Салык кирешелери** | **1 383 400,0** |
| 1 | Киреше салыгы | 970 300,0 |
| 2 | Милдеттүү патенттөө негизиндеги салык | 1 000,0 |
| 3 | Ыктыярдуу патенттин негизиндеги салык | 189 000,0 |
| 4 | Кичи ишкерлерлерден алынуучу бирдиктүү салык | 9 700,0 |
| 5 | Кыймылсыз мүлккө салык | 112 000,0 |
| 6 | Транспорт каражаттарынын ээлеринен алынуучу салык | 37 000,0 |
| 7 | Тамарка жана дачалык жер участкаларын пайдалангандыгы үчүн жер салыгы | 19 800,0 |
| 8 | Айыл чарбасына жарактуу жерлерди пайдалангандыгы үчүн жер салыгы | 1 100,0 |
| 9 | Айыл чарбасына жараксыз жерлерди пайдалангандыгы үчүн жер салыгы | 42 500,0 |
| 10 | Жер казынасын пайдалангандыгы үчүн салык | 1 000,0 |
| | **Салык эмес кирешелери** | **156 800,0** |
| 11 | Мамлекеттик имараттарды ижарага берүүдөн акы төлөө | 63 500,0 |
| 12 | Жерлерден ижарасы үчүн акы төлөө | 88 000,0 |
| 13 | Жерди бөлүштүрүү Фондусунун жеринин ижара акысы | 2 500,0 |
| 14 | Таштандыларды ташып чыгууга жыйымдар | 1 300,0 |
| 15 | Автотранспорт токтоочу жайлардан алынуучу жыйым | 1 500,0 |
| | **Жалпысы (атайын каражаттарды кошпогондо)** | **1 540 200,0** |
| 16 | Атайын каражаттар | 90 000,0 |
| | **ЖАЛПЫ КИРЕШЕЛЕРДИН ЖЫЙЫНТЫГЫ:** | **1 630 200,0** |

| № | Чыгашалар | Суммасы |
|---|---|---|
| 1 | **Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтарга** | **285 505,0** |
| | *атайын каражаттар* | 90,0 |
| 2 | **Коргоо тармагына** | **6 203,0** |
| 3 | **Экономикалык маселелерге** | **244 367,0** |
| | *атайын каражаттар* | 610,0 |
| 4 | **Турак-жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө** | **570 167,0** |
| | *анын ичинен атайын каражаттар* | 3 110,0 |
| 5 | **Эс алуу, спорт жана маданият тармагына** | **92 955,0** |
| | *анын ичинен атайын каражаттар* | 500,0 |
| 6 | **Билим берүүгө** | **409 660,0** |
| | *анын ичинен атайын каражаттар* | 85 440,0 |
| 7 | **Социалдык коргоого** | **21 343,0** |
| | *анын ичинен атайын каражаттар* | 250,0 |
| | **Жалпы чыгашалар:** | **1 630 200,0** |
| | *анын ичинен атайын каражаттар* | 90 000,0 |

**Ош шаардык Кеңешинин аппарат жетекчиси** **И.Абдыраимов**

Ош шаардык Кеңешинин
2022-жылдын 10-февралындагы
кезексиз VII сессиясынын
№29 токтомунун 5-тиркемеси

**2024-жылга Ош шаарынын жергиликтүү бюджетинин кирешелеринин жана чыгашаларынын болжолу**

(миң сом)

| № | Кирешелер | Суммасы |
|---|---|---|
| | **Салык кирешелери** | **1 406 683,0** |
| 1 | Киреше салыгы | 983 683,0 |
| 2 | Милдеттүү патенттөө негизиндеги салык | 1 000,0 |
| 3 | Ыктыярдуу патенттин негизиндеги салык | 192 000,0 |
| 4 | Кичи ишкерлерлерден алынуучу бирдиктүү салык | 9 700,0 |
| 5 | Кыймылсыз мүлккө салык | 115 000,0 |
| 6 | Транспорт каражаттарынын ээлеринен алынуучу салык | 40 000,0 |
| 7 | Тамарка жана дачалык жер участкаларын пайдалангандыгы үчүн жер салыгы | 19 800,0 |
| 8 | Айыл чарбасына жарактуу жерлерди пайдалангандыгы үчүн жер салыгы | 1 100,0 |
| 9 | Айыл чарбасына жараксыз жерлерди пайдалангандыгы үчүн жер салыгы | 42 500,0 |
| 10 | Жер казынасын пайдалангандыгы үчүн салык | 1 900,0 |
| | **Салык эмес кирешелери** | **162 000,0** |
| 11 | Мамлекеттик имараттарды ижарага берүүдөн акы төлөө | 67 500,0 |
| 12 | Жерлерден ижарасы үчүн акы төлөө | 89 000,0 |
| 13 | Жерди бөлүштүрүү Фондусунун жеринин ижара акысы | 2 500,0 |
| 14 | Таштандыларды ташып чыгууга жыйымдар | 1 300,0 |
| 15 | Автотраспорт токтоочу жайлардан алынуучу жыйым | 1 700,0 |
| | **Жалпысы (атайын каражаттарды кошпогондо)** | **1 568 683,0** |
| 16 | Атайын каражаттар | 93 000,0 |
| | **ЖАЛПЫ КИРЕШЕЛЕРДИН ЖЫЙЫНТЫГЫ:** | **1 661 683,0** |

| № | Чыгашалар | Суммасы |
|---|---|---|
| 1 | **Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтарга** | **290 543,0** |
| | *атайын каражаттар* | 90,0 |
| 2 | **Коргоо тармагына** | **6 312,0** |
| 3 | **Экономикалык маселелерге** | **248 680,0** |
| | *атайын каражаттар* | 650,0 |
| 4 | **Турак-жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө** | **580 230,0** |
| | *анын ичинен атайын каражаттар* | 3 400,0 |
| 5 | **Эс алуу, спорт жана маданият тармагына** | **94 596,0** |
| | *анын ичинен атайын каражаттар* | 500,0 |
| 6 | **Билим берүүгө** | **419 250,0** |
| | *анын ичинен атайын каражаттар* | 88 110,0 |
| 7 | **Социалдык коргоого** | **22 072,0** |
| | *анын ичинен атайын каражаттар* | 250,0 |
| | **Жалпы чыгашалар:** | **1 661 683,0** |
| | *анын ичинен атайын каражаттар* | 93 000,0 |

**Ош шаардык Кеңешинин аппарат жетекчиси** **И.Абдыраимов**

Ош шаардык Кеңешинин
2022-жылдын 10-февралындагы
кезексиз VII сессиясынын
№29 токтомунун 6-тиркемеси

**2022-жылга Ош шаарынын жергиликүү бюджетинен башкаруу органдарына каралган чыгымдар**

(миң сом)

| № | Ишканалардын аталышы | Суммасы |
|---|---|---|
| 1 | Ош шаарынын мэриясы | 42 792,8 |
| 2 | Ош шаардык Кеңеши | 16 367,7 |
| 3 | Ош шаарынын мэриясынын гаражы | 9 686,1 |
| 4 | Ош шаарынын мэриясынын тышкы байланыштар жана аналитика башкармалыгы | 4 748,0 |
| 5 | Ош шаардык муниципалдык менчик башкармасы | 16 638,8 |
| 6 | Ош шаарынын мэриясынын коомчулук менен байланыш кызматы | 2 407,6 |
| 7 | Ош шаардык дене-тарбия жана спорт комитети | 4 411,0 |
| 8 | Ош шаардык жаштар иштери боюнча комитети | 3 513,7 |
| 9 | Ош шаардык маданият башкармалыгы | 4 496,4 |
| 10 | Ош шаардык билим берүү башкармалыгы | 320,0 |
| 11 | Жапалак айылдык аймактык башкармалыгы | 8 435,4 |
| 12 | Муниципалдык аймактык башкармалыктар | 39 460,5 |
| | **Жалпысы** | **153 278,0** |

**Ош шаардык Кеңешинин аппарат жетекчиси** **И.Абдыраимов**

Ош шаардык Кеңешинин
2022-жылдын 10-февралындагы
кезексиз VII сессиясынын
№29 токтомунун 7-тиркемеси

**2022- жылга Ош шаарынын жергиликтүү бюджетинен субсидия берилүүчү мекеме ишканалар**

(миң сом)

| № | Ишканалардын аталышы | Суммасы |
|---|---|---|
| 1 | Ош шаардык муниципалдык автоунаа ишканасы | 30 000,0 |
| 2 | Ош шаардык муниципалдык турак-жай коммуналдык башкармасы | 13 305,0 |
| 3 | " Ош шамы" гезитинин редакциясы | 2 500,0 |
| 4 | "Алай" футболдук клубу, А.Сүйүмбаев атындагы шаардык стадион | 25 000,0 |
| 5 | "Сулайман-Тоо" волейболдук клубу | 116,0 |
| 6 | "Ош-Тазалык" адистештирилген муниципалдык ишканасы | 33 720,8 |
| | **Жалпысы** | **104 641,8** |

**Ош шаардык Кеңешинин аппарат жетекчиси** **И.Абдыраимов**

Ош шаардык Кеңешинин
2022-жылдын 10-февралындагы
кезексиз VII сессиясынын
№29 токтомунун 8-тиркемеси

**Ош шаарынын мэриясына караштуу муниципалдык ишканалардын кенже тейлоочү кызматкерлеринин эмгек акысына кошумча төлөмдөр**

(миң сом)

| № | Кызматтардын аталышы | Суммасы |
|---|---|---|
| 1 | Автобустун, жүк ташуучу автоунаанын айдоочусу | 4 000 |
| 2 | Жеңил автоунаанын айдоочусу | 3 000 |
| 3 | Транспорттук-жыйноочу машина, электр жана автомашинанын айдоочусу | 4 000 |
| 4 | Уста, сантехник, слесарь, электрик, сварщик, жүктөгүч, ит атар, жумушчу (короо тазалоочу, калктуу конуштарды көрктөндүрүү боюнча жумушчу, көчө шыпыруучу, ж.б.) | 8 000 |
| 5 | Электромонтер | 8 000 |
| 6 | Жол оңдоочу жумушчу | 11 000 |
| 7 | Көр казуучу | 3 000 |
| 8 | Кароолчу (вахтер), имараттарды тейлөө жана кезектеги оңдоп-түзөө иштерин жүргүзгөн жумушчу, кызматтык жайларды тазалоочу | 1 500 |

Ош шаардык Кеңешинин
аппарат жетекчиси И.Абдыраимов

Ош шаардык Кеңешинин
2022-жылдын 10-февралындагы
кезексиз VII сессиясынын
№29 токтомунун 9-тиркемеси

**2022-жылга Ош шаарынын жарандарын социалдык жактан коргоо боюнча иш-чараларына каралган чыгымдар**

(миң сом)

| № | Аталышы | Суммасы |
|---|---|---|
| 1 | ВИЧ Спид оорусун жуктурган балдарга ай сайын 1000 сомдон материалдык жардам көрсөтүүгө | 804,0 |
| 2 | Пенсионерлерге, мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарга жеңилдиктерге | 1210,0 |
| 3 | Социалдык кызматкерлердин коммуналдык төлөмдөрүнө жеңилдиктерге (ар бир кызматкерге 3000 сомдон бир айга) | 900,0 |
| 4 | Ош шаарындагы көп балалуу, аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн бир жашка чейинки балдарына сүт азыктарын алып берүүгө | 2000,0 |
| 5 | Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө" мыйзамынын алкагында коомдук пайдалуу иш-чараларды ишке ашырууга | 1000,0 |
| 6 | Кыргыз азиздер жана дүлөйлөр коомунун ар түрдүү иш-чараларын өткөрүүгө | 350,0 |
| 7 | Афган согушунун катышуучуларынын жана ардагерлеринин ар түрдүү иш-чараларын өткөрүүгө | 400,0 |
| 8 | Чернобыль атомдук электростанциясындагы авариянын кесепеттерин жоюуга катышкандардын, майыптарынын ар түрдүү иш-чараларына | 300,0 |
| 9 | Баткен окуясында Кыргыз Республикасынын аймактык бүтүндүгүн коргоо боюнча аскердик жана кызматтык милдеттерин аткарууда курман болгондорду эскерүү күнүн белгилөөгө | 100,0 |
| | **Жалпысы** | **7064,0** |

**Ош шаардык Кеңешинин аппарат жетекчиси** **И.Абдыраимов**

Ош шаардык Кеңешинин
2022-жылдын 10-февралындагы
кезексиз VII сессиясынын
№29 токтомунун 10-тиркемеси

**2022-2024-жылдарга Ош шаары боюнча бюджеттик программалардын жана чаралардын түзүмү**

(миң сом)

| ПР коду | Бюджеттик программалар | Программалар боюнча каржылоо | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 2022-жылга | 2023-жылга болжол | 2024-жылга болжол |
| 001 | Пландоо, башкаруу жана администрлөө. Программанын максаты: Башка программаларды ишке ашырууга координациялык жана уюштуруучулук таасир тийгизүү | 240 725,2 | 246 296,5 | 251 179,8 |
| 002 | Экономикалык өнүктүрүү Программанын максаты: Шаардын инфраструктуранын жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүрүү жолу менен экономикалык өнүктүрүүгө жана ишке орноштурууну жогорулатууга көмөк көрсөтүү | 571 902,1 | 581 325,1 | 592 675,8 |
| 003 | Айлана чөйрөнү коргоо. Программанын максаты: Экологиялык чөйрөнүн абалын жакшыртуу | 156 171,5 | 159 060,7 | 162 082,8 |
| 004 | Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр. Программанын максаты: Калкты турак-жай, коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр менен тейлөөнүн сапатын жакшыртуу | 102 308,0 | 104 094,6 | 106 072,4 |
| 005 | Коопсуздук жана укук тартиби. Программанын максаты: Жарандык коргонуу, өзгөчө кырдаалдан калкты жана аймактарды коргоо, коомдук коопсуздукту камсыздоо жана укук тартибин коргоо жаатында бирдиктүү мамлекеттик саясатты ишке ашыруу | 8945,9 | 9337,4 | 9514,8 |
| 006 | Эс алуу, маданият жана спорт. Программанын максаты: Калкты маданият жана спорттук иш чараларга тартууну кеңейтүү, эс алуу жана бош убакыттарды өткөрүү шарттарын жакшыртуу | 92 249,3 | 93 955,9 | 95 741,1 |
| 007 | Билим берүүгө колдоо көрсөтүү. Программанын максаты: Билим берүү кызмат көрсөтүүлөрү үчүн жагымдуу шарттарды камсыздоо | 400 668,9 | 408 081,3 | 415 834,8 |
| 008 | Социалдык коргоо. Программанын максаты: Калктын бардык аярлуу катмарын социалдык кызмат көрсөтүүлөр менен камтылышын жана жеткиликтүүлүгүн жакшыртуу | 27 539,1 | 28 048,5 | 28 581,5 |
| **Жалпысы:** | | **1 600 510,0** | **1 630 200,0** | **1 661 683,0** |

**Ош шаардык Кеңешинин аппарат жетекчиси** **И.Абдыраимов**